# Ясавийликтин Анатолиядагы диний жараянга тийгизген таасири

**Dr. Eyüp Baş**

Ankara Üniversitesi İlahiyat Fakültesi / Türkiye

ОшМУнун теология факультетине чакырылган окутуучу

bas@divinity.ankara.edu.tr

## Özet

**Yeseviliğin Anadolu'daki Dini Cereyanlara Tesirleri**

Pir-i Türkistan olarak anılan Ahmed Yesevi (1103-1166/67), Müslüman Türkler arasında İslam'ın esaslarını öğretme çabasında olmuş, inandıklarını ve öğrendiklerini bölgesindeki halka anlayabilecekleri bir dille aktarmaya çalışmıştır. Onun bu tavrı, fikri yönünü milli unsurlardan alan "hikmet" tarzının oluşumunda etkili olmuştur. Kurucusu olduğu Yesevilik tarikatı, başlangıçta Seyhun bölgesinde, Taşkent dolayları ve Doğu Türkistan'da yayılmıştır. Sonraları Türk dil ve kültürünün Maveraünnehir ve Harezm bölgelerinde kuvvetlenmesine paralel olarak buralarda da önem kazanmıştır. Bölgedeki siyasi gelişmeler üzerine Türkmen boylarının tarikatı hüviyetiyle de Horasan, İran ve Azarbeycan'a, XIII. yüzyıl başlarında da Anadolu'ya girmiştir. Yesevilik, bölgede kurulan zaviye ve ocaklarla hızla yayılmış, Anadolu'daki Babai ve Bektaşi tarikatlarının oluşumunda önemli bir etkiye sahip olmuştur. Baba İlyas-ı Horasani'nin müridlerinin kurduğu Babailik ve Hacı Bektaşı Veli'nin kurucusu olduğu Bektaşilik, daha çok kırsal bölgelerdeki Türkmenler arasında faaliyette bulunmuşlardır. Türk dili ve kültürüne önem vermişlerdir. Bunlardan Bektaşilik, zamanla toplumun her tabakasından taraftar bulmuş, XIV. yüzyılda Osmanlı Yeniçeri ocağının resmi tarikatı olmuştur. Ancak zamanla Osmanlı Devleti'nin gücünü zayıflatmak için Şah İsmail'in Anadolu'daki Şiilik propagandasından etkilenerek görünüm değiştirmiştir.

**Anahtar kelimeler:** Ahmet Yesevî, Türkistan, Yesevîlik, Sufizm, Anadolu.

## А. Мистицизмдин таралышы жана Түркистанда мистика.

VIII кылымдан тартып Исламиятта мурдагыга салыштырмалуу чоң өзгөрүүлөр болгон. Чындыгында дүйнөнүн түрдүү жерлеринде, көптөгөн кылымдардан бери өз маданиятын жана каада-салттарын жоготпостон жашап келген түрдүү улуттар ислам динин кабыл алгандан кийин көптөгөн айырмачылыктардын пайда болушу табигый нерсе эле. Өтө байыркы жана бай Иран маданияты, чөлдөн келген чоң күчкө каршы эч болбогондо руханий эркиндигин коргой алат болчу. Кийинчерээк өтө тез жайыла баштаган ислам дини Иран маданиятынан башка да маданияттарга, диндерге туш келген. Түздөн-түз болбосо да Индия маданияты, Мусевиликтин таасири, Сирияны бүтүндөй каптаган христиандык күч, эски грек философтору тарабынан которулган эмгектердин негизинде пайда болгон түрдүү пикирдеги жараяндар жана түрдүү куятөр диний өнүгүүгө өз таасирин тийгизген. Мунун натыйжасында кең ислам дүйнөсүнүн ар тарабында көптөгөн агымдар пайда болуп, алардын ортосунда пикир келишпестиктер болуп келген. Түрктөрдүн көптөгөн кол салуусунан улам кулаган Сасаниддер бийлиги алгач Араптарга баш ийгенден кийин Аз. Хусейин тукумун Сасаниддердин мурасчысы жана жолун улантуучусу катары эсептешкен. Алар «Ахли байиттин укугун коргоо» урааны менен арап улутчулдугуна жана ислам динине коркунучтуу соккуларды урган жана эски маданияттын онойчулук менен жок болбой тургандыгын зороастризм ишенимдерин ислам тонунаун астына киргизүү менен ачык айкын далилдешкен. Хижранын V жана VI кылымдарында ислам өлкөлөрүнүн булун-бурчтарында түрдүү агымдар жана көз-караштар өкүм сүргөн, өкүмдарлардын жеке жана саясий кызыкчылыгы булардын өнүгүшүнө өз изин калтырды.[1]

Мунун негизинде ислам дүйнөсүндө эң көп байкалган нерселердин бири, мистицизмдин жалпыланышы (универсалданышы) жана суфисттердин көптүгү болгон. Алгачкы кылымдарда ислам publicinde кездешпеген, кийинчерээк Иран, Индия, Грек пикирлеринен жана бир аз христиандыктын таасиринен жана эң көп элементтерд ислам дининен алуу менен негизделген мистицизм, кыска мезгилдин ичинде бүткүл ислам өлкөлөрүн каптаган. Улуу аалымдардын белгилүү шайыктарга ыкласы өзгөчө үжрөлөрдү уюштуруу менен бул жараянды колдоолору, тактап айтканда бул жараянга моюн сунуулары ислам дүйнөсүнүн булун бурчунда шайыктарды жана дервиштерди өстүрүшкөн жана жаңы коомдук жамааттарды түзүшкөн. А түгүл ар бир улуу шайыктын өлүмүнөн

[1] Fuad Köprülü, **Türk Edebiyatında İlk Mutasavvıflar**, Ankara 1993, 14-15-беттер.

кийин аны ошол аймактын тургундары олуя катары көрсөтүшкөн. Тарыхый баалуулугу болбогон мифологиялык уламыштар гана эмес, суфизмдин эң баалуу булактары да ушул сыяктуу маалыматтар менен толгон.[2]

Мистицизмдин (Ислам суфизминин) пайда болушу жөнүндө кыскача түшүндүрмө бергенден кийин Ахмед Ясавийнин бул аймактагы кыймыл-аракеттерине өтүү этабы катары Туркистанда суфизмдин жайылуу процессин да кыскача көрсөтө кетүү абзел.

Эски Иран үрп-адаттарын өзүнө синирген Хорасан Исламиятты кабыл алгандан кийин мистицизм жараянынын башкы, балким биринчи аймагы болгон. Ушундан улам Мавераннахр исламдашкандан кийин бул жараян исламият алгач тутунган жол менен Туркистанга кирүүсү күтүлгөн эле жана ал ишке ашты. Герат, Нишапур, Мерв хижранын III кылымында суфисттерге кандай толо баштаган болсо, IV кылымда Бухара жана Ферганада шайыктар ошондой пайда боло баштаган. Ошондой эле Ферганада түрктөр өз шайыктарына «Баб», башкача айтканда «баба» наамын беришкен. Хорасан менен карым-катнашта болуп келген түрктөрдүн арасынан суфист аалымдар өсүп чыгышкан. Белгилүү аалым Абу Саид Абул-Хайр урматтаган Мухаммед Машук Гуси менен Амир Али Абу Халис түрк улутунан болушкан. Ошондуктан мунун натыйжасында түрктөрдүн арасында мистицизм жараяны акырындык менен жанданып, Бухара, Самарканд сыяктуу чоң ислам борборлорунан өлкөнүн ичине жайылган, диний атайын дарядыктан өткөн дервиштер аркылуу көчмөн түрк калктарына жаңы ишенимдер жайылтылган.[3]

Эмевийлер доорунан тартып Ислам пропагандасы элетте жүргүзүлгөндүктөн көздөлгөн ийгиликтерге жетишпеген. Исламдын укукчулар тарабынан сунушталган түзүлүшү көчмөн элдердин муктаждыктарына жооп бере албаган дин катары эсептелген. Шайыктар менен ислам суфисттеринин көпчүлүк өкүлдөрү баа жеткис чоң иштерди аткарышты жана бүгүнкү күндө бул аймактарда алардын көп колдоочулары бар.[4]

Бирок белгилей кетүүчү факт Ислам түрк тарыйкаттарынын (секта) пайда болушунда түрктөрдүн исламга чейинки диний түшүнүктөрү таасирдүү болгон жана түрк мистикасына из калтырган.

Буга чейин берилген маалыматтар түрк дүйнөсүндө Ахмед Ясавийден мурда да (хижранын IV кылымынан тартып) мистицизм көз караштары болгондугун тастыктайт. Суфилердин легендалары

[2] Köprülü, **а.а.ч.,** 16-17-беттер.
[3] Köprülü, **а.а.ч.,** 17-18-беттер.
[4] V.V. Barthold, **Moğol İstilasına Kadar Türkistan**, haz. Hakkı Dursun Yıldız, Ankara 1990, 274-бет.

жана керемет көрсөтүү ишенимдери шаарларда гана эмес, көчмөн түрктөрдүн арасында да аздыр-көптүр болгон. Кудай жөнүндө ыр ырдаган (илахийлер), ыр окуган, Кудайдын ыраазычылыгы үчүн жакшылыктарды жасаган, аларга бейиш жана бакыт жолун көрсөткөн дервиштерди, өтмүштө түрктөр тарабынан диний ыйыктык берилген шамандарга окшоштуруп мамиле кылышкан жана алардын айткандарына ишенишкен. Ошентип эски шамандардын ордун «ата» же «баб» наамын алган дервиштер ээлеген. Аз. Пайгамбардын сахабаларынан эсептелген Арслан Баб менен уламыштарда Ислам динин үйрөнүү үчүн Туркистандан Арап жарым аралына барган жана Аз. Абу Бекирге жолугуп ислам динин кабыл алган шамандардын пири белгилүү Коркут Ата, Чабан Ата сыяктуулар эски ишенимдердин калдыктарын сактап келишкен. Ахмед Ясавийден мурда да көчмөн түрктөрдүн арасында жөнөкөй түрк тилинде элге үгүт-насаат иштерин жүргүзгөн дервиштердин болгондугу чындык.[5] Бул маалыматтардын негизинде Ахмед Ясавий, өзүнөн мурдагы дервиштерден адамдык касиети жагынан жогору экендигин белгилөө менен бирге, эгер өзүнөн мурда келген муундар ага жол ачпаганда анын жараткан ийгилиги бүгүнкү күндөгү изилдөөлөрдөн байкалгандай жогору болмок эмес.

### Б. Ахмед Ясавий.

Ахмед Ясавийдин өмүр баяны жана ал жөнүндө маалымат берген булактар жокко эсе. Ал эми ал жөнүндө маалыматтарды легендалардан, уламыштардан алса болот. Бул булактардан так маалымат алуу өтө кыйын. Буга карабастан «хикметтеринен», ал жөнүндөгү тарыхый булактардан, легендалардан алынган маалыматтар уламыш мүнөзүндөгү чыгармалар болсо да - өмүрү, жеке адамдык касиети, чыгармалары жана көз караштары жөнүндө аз да болсо маалымат алса болот.

Ахмед Ясавий Түркистандагы Чимкент шаарынын чыгыш бөлүгүндө жайгашкан Сайрам кыштагында туулган. Испижаб (Исфижаб) же Акшехир аты менен таанылган бул кыштак мурдатан эле негизги отурукташуу борбору болгон.[6] Туулган жылы так билинбеген Ахмед Ясавий Юсуф аль-Хамеданийнин (өл. 1140-1141) шакирти жана анын калпаларынан бири болгондугун эске алганыбызда, XI кылымдын 2-жарымында жарык дүйнөгө келгендигин айтсак болот.[7] Анын атасы Шайык Ибрагим Сайрам

[5] Köprülü, **а.а.ч.,** 19-20-беттер.

[6] Köprülü, **а.а.ч.,** 61-62-беттер; Kemal Eraslan, "Ahmed Yesevî", **DİA**, İstanbul 1989, II, 159-бет; Enver Konukçu, "Sayram ve Yesi", **Milletlerarası Hoca Ahmed Yesevî Sempozyumu Bildirileri**, Kayseri 1993, 250-бет.

[7] Kemal Eraslan, "Ahmed Yesevî", **DİA**, II, 160-бет.

кыштагынын белгилүү адамдарынын бири болгон, олуялык касиети жөнүндөгү легендалары менен таанылган жана Аз. Алинин тукумунан чыккан. Апасы болсо шайык Ибрагимдин калпаларынан бири Муса шайыктын кызы Айше Хатун болгон. Шайык Ибрагимдин Кевхер Шехназ аттуу кызынан кийин экинчи баласы болуп жарык дүйнөгө келген Ахмед Ясавий апасынан жана атасынан ажырагандан кийин Кевхер Шехназ менен белгисиз себептерден улам Йеси шаарына көчүшкөн.[8] Ал Арслан Бабага Йесиде жолугушкандан кийин Ясавий лакабын алганын маалыматтар тастыктайт. Йеси, башкача айтканда бүгүнкү күндөгү Түркистан шаары Огуз Хандын мамлекеттик борбору болуу менен түрк легендаларындагы белгилүү жер. Бирок Ахмед Ясавийдин лакабы ушул шаардын атынан алынган. Бул болсо анын түрк дүйнөсүндөгү тарыхый маанилүүлүгүн дагы бир жолу белгилейт. Эжеси менен бул шаарга келип отурукташып калган Кожо Ахмед бул жерде Арслан Баба атындагы белгилүү Түрк шайыгынын кичи пейилдүүлүгүнө жана ак ниеттүүлүгүнө тан калган, анын жакшылыгын көрүп, ак батасын алган. Бирок Ахмед Ясавийдин кичинекей кезинде Арслан Бабанын дүйнөдөн кайтышы, ага күчтүү таасирин тийгизген деген божомолдоолор тарыхта так аныкталбаган:[9] «Анткени жомоктордогу Ахмед Ясавий менен Арслан Баба байланышынын тарыхый чындыгын андай билүү өтө кыйын. Легендаларда айтылган окуялардын көпчүлүгү акылга сыйбаган нерселер менен толгон, чындыкка жана акылга туура келбеген окуялар орун алган.[10]

Ахмед Ясавий, Арслан Бабанын өлүмүнөн кийин ошол мезгилде эн чон Ислам борборлорунан бири болгон Бухара шаарына барган. Бул жерде ал ошол мезгилде эн белгилүү аалымдардын жана суфилердин бири Шайык Юсуф аль-Хемиданий менен жакындан таанышып, анын кол астында таалим-тарбия алган. Юсуф аль-Хемиданий өлгөндөн кийин анын ордуна алгач Абдуллах Беркий (өл. 1160-1161), ал өлгөндөн кийин Шайык Хасан Андакий отурат. 1160-

---

[8] Köprülü, **а.а.ч.,** 62-63-беттер; Kemal Eraslan, "Ahmed Yesevî", **DİA**, II, 160-беттер.

[9] Köprülü, **а.а.ч.,** 63-64-беттер.

[10] Фуад Көпрүлү, Ясавийнин Арслан Бабадан таасирленгендиги жөнүндөгү традицияны четке кагат. (Köprülü, а.а.ч., 64-бет.); Мехмет Шекер бул көз карашты жактырып, хикметтерде маалымдалгандай Ахмед Ясавий Арслан Бабадан таасирленүү менен бирге алгачкы таалим-тарбиясын андан алгандыгын айткан. Айрыкча бул аалымда акылга сыйбаган сыйкырчылык, бакшылык жөндөмүнүн болбогондугун жана көп жашабагандыгын тастыктайт. Бул учурда Ахмед Ясавийнин заманында жашаган Арслан Баба, балким ошол аймакта жашаган, сахабалардын тукумунан болгон, билимдүү жана суфизмдик жолду жактырган көрүнүктүү адамдадан бири болушу мүмкүн экендигин белгилеген. Хикметтердеги Арслан Баба эки бөлөк адам болушу мүмкүн деген божомолдоолорго токтолгон Шекер, бул адамдардын бири түрк тилинде аты башка болсо да Арслан Баба деп аталган адам, ал эми экинчиси болсо Ахмед Ясавийнин замандашы, сахабалардын муунунан болгон Арслан Бабанын болгондугун баса белгилеген. Mehmet Şeker, "Ahmed Yesevî'nin Hayatında Arslan Baba Meselesi", **Milletlerarası Hoca Ahmed Yesevî Sempozyumu Bildirileri,** Kayseri 1993, 359-360-беттер.

жылы Хасан Андакий өлгөндөн кийин бул орунга Ахмед Ясавий келет. Бир канча мезгил өткөндөн кийин ал шайык Юсуф аль-Хемеданий көрсөткөндөй жогорудагы бул орунду Шайык Абдухалик Гуждуванийге берип, Йесиге кайтат жана өмүрүнүн аягына чейин устазынын жолун улантат.[11]

Ахмед Ясавий Йесиде динге үгүттөө иштерин баштаган мезгилдерде Түркситанда Жетисуу аймагында Исламдашуу өтө терен синирилиши менен бирге ислам өлкөлөрүнүн ар тарабына жайылган мистицизм кыймылы да өз иш аракеттерин жүргүзүп келген. Медреселердин жанында үжрөлөр курулуп, бул жер мистицизм жараянынын борборуна айланган. Ушул мезгилдерде Мавераннахрды өз өкүмдарлыгына алган Султан Санжар дүйнөдөн кайткандан кийин (1157), Харезмшахтар күчтүү ислам мамлекетинин катарына кире баштаган. Ушул мүмкүнчүлүктөрдөн пайдаланган Ахмед Ясавий Ташкент жана Сыр-Дарыя жээктеринде, Сейхун элеттеринде жашаган көчмөн түрктөрдүн арасында чон абройго ээ болгон. Ислам динине жан дили менен ишенген жергиликтүү калк менен жарым көчмөн элдер анын тегерегинде топтолгон. Ислам илимдерине байланыштуу болгон араб жана фарсий тилдерин билген Ахмед Ясавий тегерегинде топтолгон элге ислам негиздерин, диндин өкүмдөрүн, тарыйкатынын жолун үйрөтүүдө жана белгилүү адамдарды тааныштырууда ошол элдин адабиятынан алынган жөнөкөй тилде түшүндүргөн. «Хикмет» аты менен аталган бул баяндамалар, айрыкча дервиштер аркылуу эн узак жерлерде отурукташкан түрк коомдоруна чейин жеткирилген. Хикметтерде Ахмед Ясавийдин өмүрү чыгармачылыгы жөнүндө кээ бир маалыматтар берилген. Бирок тарыхый чындыкка канчалык денгээлде жакындыгын билүү кыйын. Буга карабастан Ясавийдин ырлары анын өмүрү, таалим-тарбиясы, изилдөөлөрү, алган наамы жана даражасы жөнүндө кээ бир маалыматтардын берилиши менен өтө баалуу чыгарма болуп саналат.[12]

Ахмед Ясавий 63 жашка келгенде каада-салтка баш ийип, үжрөдө муруттарына 40 күн касыйда окулуучу карангы жер даярдаткан, өмүрүнүн аягына чейин ушул жерде ибадат менен аскеттик жашоо образын колдонуп, ушул иштер менен гана алек болгон. Чилдеде канча күн калгандыгы белгилүү эмес. Бирок өмүрүнүн аягына чейин бул жерден чыкпагандыгы жана үжрөдө өлгөндүгү чындык. Туулган жылы белгисиз болгондуктан анын канча

[11] Köprülü, **а.а.ч.**, 64-72-беттер; "Ahmed Yesevî", **İA**, İstanbul, 1940, I, 210-бет; K. Eraslan, "Ahmed Yesevî", **DİA**, II, 160-бет.

[12] Köprülü, "Ahmed Yesevî", **İ.A.**, I, 211-бет; K. Eraslan, "Ahmed Yesevî", **DİA**, II, 160-161-беттер.

жыл өмүр сүргөндүгү туурасында да так маалыматты айтуу кыйын.[13] Сайрамда имам Мухаммед бин Алинин муунунан болгондорго «кожо» дешкендиктен бул муунга тийиштүү адамдарга да ушул ат берилген. Ахмед Ясавий ушул уруудан болгондуктан аны Кожо Ахмед Ясавий, Кул Кожо Ахмед деп да аташкан.[14]

Ахмед Ясавийдин кереметтери ал өлгөндөн кийин да башкалар тарабынан улантылган, маалыматтарга караганда өзүнөн кийин жашаган Тимурдун түшүнө кирип жана ага ийгиликке жетише турганын айтат. Тимур женишке жетишкенден кийин Түркистан жана кыргыз эли жердеген аймактарда белгилүү болгон Ахмед Ясавийдин кабырына зыярат кылуу үчүн Йесевийге келет. Мүрзөсүнүн үстүнө ал доордогу эн алдынкы күмбөздүн курулушун буйрук кылат. Бир канча жылдан кийин курулуш аяктап ал күмбөз мечит жана үжрөгөлүү чон масштабдагы медресеге айланат.[15] Ахмед Ясавийдин мүрзөсүнүн айланасына көмүлүү көчмөндөр тарабынан өзгөчө мааниге ээ болгон. Ошондуктан көптөгөн адамдар көзүнүн тирүүсүндө мүрзөнүн айланасынан жер сатып алып кабырларын даярдашкан. Керек болсо кыш мезгилинде өлгөн адам кийизге оролуп даракка асылып коюлган жана жазга чейин күттүрүлгөн, жаз мезгили келгенде Ахмед Ясавийдин мүрзөсүнүн айланасына көмүлгөн. Бул адат Ахмед Ясавийдин Орто Азиялык түрктөргө канчалык денгээлде таасирдүү болгондугун айгинелеп турат.[16]

**B. Яасавийликтин маани-манызы жана таасири.**

Учурда Ахмед Ясавий тарабынан жазылган бир да чыгарма колубузда жок. Анын өлүмүнөн кийин жазылган көптөгөн кылымдарды камтыган мистика китептеринде же легенда жыйнактарында ага таандык болгон кээ бир сөздөр, жүрүм-турумдар, бир канча легендалар Ахмед Ясавийдин суфизмдик касиети жөнүндө бизге так жана туура түшүнүк бере албайт. Негизинен бул чыгармалар Орто Азияда Накшибандий агымынын пайда болушунан жана анын XV кылымда Осмон империяторлугуна баш ийип турган аймактарда жайылышынан кийин жазылгандыгы эске алынса, бул китептерде Ахмед Яасавий бүтүндөй Накшибандий агымынын көз-

[13] Köprülü, **а.а.ч.,** 75-бет; K. Eraslan, "Ahmed Yesevî", **DİA**, II, 160-бет. Ахмед Ясавий «Диван-ы Хикмет» аттуу чыгармасынын бир канча бөлүмдөрүндө азап берүүчү жайга кирүүнүн, жалгыздыкта калуунун себептерин суфизмдик тил менен кенири түшүндүргөн. Караныз, K.Eraslan, **Ahmed-i Yesevî Dîvan-ı Hikmet Seçmeler**, Ankara 1993, 59, 63, 65-беттер.

[14] K.Eraslan, "Ahmed Yesevî", **DİA**, II, 160-бет.

[15] K. Eraslan, "Ahmed Yesevî", **DİA**, II, 160-бет; Ахмед Ясавийнин күмбөзү жөнүндө маалымат алуу үчүн караныз: Emel Esin, "Ahmed Yesevî Külliyesi", **DİA**, İstanbul 1989, II, 162-163-беттер.

[16] Köprülü, **а.а.ч.,** 86-бет; "Ahmed Yesevî", **İA.**, I, 211-бет; K. Eraslan, "Ahmed Yesevî", **DİA**, II, 160-бет; Nesimi Yazıcı, "Hoca Ahmed Yesevî Döneminde Türk-İslâm Kültürünün Oluşumu-Gelişimi", **Diyanet İlmi Dergi**, Ankara 1993, C. 29, S. IV, 5-бет.

карашына ылайык сүрөттөлгөндүгү ачык-айкын байкалат. Мавераннахрдын эн чон ислам борборлорундагы Түрк-Монгол паганизмасына (көп тенирчилик) каршы күрөш жүргүзүү максатында болгон Накишбандилик, бул маданияттын таасири астында калган түрктөрдү өзүнө тартуу үчүн Ясавийлик агымы менен байланыш куруууга аракеттенгенин айткан Фуад Көпрүлү, Түрк адабиятындагы «Алгачкы суфисттер» аттуу чыгармасында Ахмед Ясавийдин суфизмдик касиетин жана Ясавий агымын бүтүндөй Накшибандий агымына окшоштуруунун туура эмес экенин белгилеген. Бабаий, Хайдарий жана Бекташий тарыйкаттарынын традициясы менен Ясавийлик жөнүндө берилген маалыматтардын окшоштуктары тарыхый чындык экендиги көрүнүп турат.[17]

Суфист катары Ахмед Ясавий Йесиге кайткандан кийинки жүргүзгөн аракеттерине көз жүгүрткөнүбүздө, ага чейин бул аймактарда иш аракет жүргүзгөн мистицизмдик жараяндар, анын иш аракеттерине ынгайлуу шарттарды түзгөндүгүн айта алабыз. Белгилүү болгондой мистицизм жараянынын башкы борборлорунан бири, балким биринчиси болгон Хорасандын суфизмдик жана агымдык каада-салты Мавераннахрга өтүп, X кылымда Бухара, Самарканд, Фергана жана Кашкар сымал маданият борборлорунда суфизм агымы жайылган эле. XII кылымда Туркистанда Кулжанын айланасында Жетисуу аймагында күчтүү исламдашуу процесси жүргөн болчу. Бир тараптан мистицизм кыймыл-аракеттери, үжрөлөр, башка тараптан көптөгөн медресе жана анын кызматкерлери түрктөргө ислам динин түшүндүрүүдө жана үйрөтүүдө чон салым кошушкан.[18] Бул мезгилде Орто Азия түрктөрүнө жана Ислам ишенимин калк арасына жайылышына салымын кошкон, диндин жана мистицизмдин жаюуучусу болгон Ахмед Ясавий мусулман араб аскерлеринин, а түгүл Ислам дининин кабыл алган алгачкы түрктөрдүн согуштук жол менен жаюуга аракеттенишкен ишин ал суфизмдик жолду колдонуп оной ишке ашырган. Бул иштин оной ишке ашышынын себеби, Ясавийлик ислам дининин ыйман шарттарын түрктөрдүн эски ишенимдеринин калдыктары менен айкалыштыра алган. Ясавийлик маарекелерде эски көчмөн элдердин каада-салттарындагыдай зикир чалуу, жыйындарда аял менен эркектердин бир жерде отурушу мүмкүн экендиги бул көрүнүшкө мисал боло алат.[19]

---

[17] Köprülü, "Ahmed Yesevî", **İA.**, I, 212-бет.
[18] Nesimi Yazıcı, **а.а.ч.**, 11-бет.
[19] Nihad Sami Banarlı, **Resimli Türk Edebiyatı Tarihi**, İstanbul 1971, I, 279-бет.

Жеткилен көз–караштарга ээ жана ошол мезгилде эл арасында чоң кадыр-баркка ээ болгон түрк суфисти, ошол эле учурда Ханефи агымынын укукчусу Ясавий акыйкат жолун көрсөтүү үчүн диндин өкүмдөрү менен тарыйкатты бир бүтүндүккө айланта алган. Хикметтеринде Ислам дининин ишенимине карама-каршы келген элементтер болбогон, тескерисинче бир убак намаз кылбаган адамдын чочкодон айырмасы жок дегендей деңгээлде өкүмдөргө баш ийип тыкан мамиле жасаган.[20] Көптөгөн чыгармаларда ислам суфисти эмес, динди үйрөтүүчү мугалим катары эсептелген Ясавий өз ырларында аяттар менен хадистерди, ислам дининин негиздирин, күнөө менен соопту, кудайдын каарын жана мээримдүүлүгүн, бейиш менен тозокту жөнөкөй тилде түшүндүргөн.[21] Жогоруда айтылган бул маалыматтарга таяна турган болсок Ясавийлик ахли-сүннөт же суннит ишенимине таянган тарыйкат болгон. Ахмед Ясавийге таандык хикметтерде да ыйман жана ибадат негиздеринин иштелүү формасы муну тастыктайт.

Адабияттардагы маалыматтарга караганда Ахмед Ясавийнин жолун жолдогондордун саны өзү жашаган жерде 12 миң, ал эми ыраакы аймактарда жана өлкөлөрдө токсон тогуз миңден көп калпалары (жолун улантуучулар) болгон. Алгачкы калпа Арслан Бабанын уулу Мансур Ата болгон. Мансур Ата 1197-жылы дүйнөдөн кайткандан кийин анын ордуна уулу Зенги Ата акыйкат жолуна үндөөчү даражасына олтурат. Экинчи калпа Харезмдик Саид Ата, үчүнчү калпа Ясавий жөнүндөгү хикметтерге окшош хкметтери менен түрктөрдүн арасында чоң атак-даңкка жана кадыр баркка ээ Сулайман Хаким Ата болгон. Хаким Ата Харезимде жашап чындык жолуна үгүттөгөн. Зенги Атанын жолун жолдоочулары (муруттары) Узун Хасан Ата, Сеййид Ата, Седр Ата жана Бедр Ата болгон. Ясавийдин урук-тукуму негизинен Сейид Ата менен Садр Атадан башталат.[22]

Түркистандын пири деген атка конгон Ахмед Ясавий Орто Азия аймагында өз доорунда жашаган мусулмандарга гана таасирин тийгизбестен, кийинки доорлордо да жашаган элдерге да жайылган. Ясавийлик XIII кылымда Хорасан аймагында Хайдарийлик тарыйкатынын пайда болушуна да өз таасирин тийгизген. Ошол эле доордун орто чендеринде Анатолияда пайда болгон Бабаий, Бекташий тарыйкаттары да Ясавийликтин ичинен чыккан же андан

[20] Köprülü, **а.а.ч.**, 76-бет; Osman Türer, "Türk Dünyasında İslâm`ın Yerleşmesi ve Muhafazasında Sûfî Tarikatları ve Yesevî`nin Rolü", **Milletlerarası Hoca Ahmed Yesevî Sempozyumu Bildirileri**, Kayseri 1993, 363-бет.

[21] N.S. Banarlı, **а.а.ч.**, I, 279-бет.

[22] Köprülü, **а.а.ч.**, 87-96-беттер; "Ahmed Yesevî", **İA**., I, 212-бет; K. Eraslan, "Ahmed Yesevî", **DİA**, II, 161-бет.

таасирленген агымдар болуп саналышат. Айрыкча Накшибендий тарыйкатынын пайда болушунда анын таасири чон болгон.[23]

XIV кылымдын башынан баштап Ясавийлик Накшибендий кыймылы менен биригип жана Ислам динине чейинки эски диний ишеним калдыктарынан (элементтеринен) өздөрүн алып качкандыгы байкалган. Негизинен Накишбендийлик менен Ясавийиликтин ортосунда мурдатан эле байланыш болгон. Белгилүү болгондой Накишбендийликтин пири Кожо Бахауддин Накишбендий, Ясавий шайыктарынын устазы (мугалими) жана жолдоочусу Шайык Юсуф Хемедеаний, Накишбендийлик тарыйкатынын негиздөөчүсү Кожо Бахауддин Накишбендий тарбиялаган Кожо Абдулхалик Гуждувайнинин окутуучусу жана жолдоочусу болгон.[24] Ушул байланыштардан улам Фуад Көпрүлү Накишбендийлик тарыйкатын изилдөөдө бул муунду Ахмед Ясавийге тийиштүү эки жолдун (тарикаттын)бири катары эсептөөдө.

Ясавий тарыйкатынын Түркистандан башка Хорасан, Иран, Азербайджан жана Анатолия аймактарына чейин жайылып жана бул жерлерде негизделген жаны агымдарга даяр булак болушунда Монгол баскынчылыгынын таасири тийген.[25]

**Д. Ясавийликтин Анатолиядагы диний жараяндарга тийгизген таасири.**

Ахмед Ясавийге тийиштүү бабалар XIII кылымдын башында Харезмшахтар менен каракытайдын ортосундагы согуш мезгилинде Анатолияга жер которо баштаган. Түркмөн уруулары менен бирге Анатолияга (Туркия) келген Ясавий бабаларынын бул көчү Чынгыз хандын монгол баскынчылыгынын мезгилинде өскөн.[26] Мавераннахрдан, Хорезмден жана Хорасандан Анатолияга келген бул дервиштер Ахмед Ясавийдин суфистик көз караштарын жана легендаларын жайышкан. Дин кызматкери, бакшы, табып, акын жана өтмүштөгү шамандардын жолун улантуучулары болуп эсептелген бул дервиштер, Анатолияда эски түрк маданиятын жана каада-салттарын жаюучулардан саналышкан.[27] Жалпы көз-караш боюнча түрктөр ислам дининин ичинен чыккан суннизм, шиизм сыяктуу теологиялык талаш-тартыштардан, өз ара келишпестиктерден оолак болушкан. Алар түрк бабаларынын айткандарын жана жасагандарын маанилүү

[23] Köprülü, "Ahmet Yesevî", **İ.A.**, I, 213-бет; N. S. Banarlı, **а.а.ч.**, I, 281-бет.
[24] Köprülü, **а.а.ч.**, 110-бет.
[25] N.S. Banarlı, **а.а.ч.**, I, 281-бет.
[26] Монгол баскынчылыгы кулагандан кийин Анатолияга жер которгон суфизмдик жараян жөнүндө кенири маалымат алуу үчүн караныз: Seyfullah Kara, "Türkiye Selçuklularında Dinî Hayat", **Türkler,** edt. H.C. Güzel- K. Çiçek- S. Koca, Ankara 2002, VII, 308-319-беттер.
[27] Ahmet Yaşar Ocak, **Babaîler İsyanı**, İstanbul, 1980, 53-54; "Türk Dünyasında Ahmed-i Yesevî Kültürünün Yayılışı", **Milletlerarası Hoca Ahmed Yesevî Sempozyumu Bildirileri**, Kayseri 1993, 301-бет.

деп эсептешкен. Мындай абал XIII кылымдан баштап өзүн ачык-айкын көрсөтө баштаган.[28]

Монгол баскынчылыгынын таасиринен улам Мавераннахрдагы, Харезимдеги жана Ирандагы түрдүү тарыйкат группалары ар кайсы жерлерге таркаган, бир бөлүгү Азербайджан аркылуу Сирияга, Иракка, Египетке жана Анатолияга өткөн. Бул группалардын арасында суннизмге жакын болгон Кубревийийе жана Сухревердийийе сыяктуу тарыйкаттар исламга чейинки ишенимдин жана маданияттын калдыктары менен тыгыз байланышта болгон. XIII жана XIV кылымдарда Анатолияда жана Румелиде байкалган Бабаий, Календарий, Торлак, Самавнали, Ышык сыяктуу тарыйкаттардын бардыгы жогорудагы экинчи группага тийиштүү агымдар болуп саналып, ал эми Хорасан өкүмдарлыгы тарабынан түзүлгөн Вефаилик, Жавлакийлик жана Хайдарийлик Анатолияда эң көп кыймыл жүргүзгөн Календарий тарыйкатынан пайда болгон группалар деп эсептелген. XIII кылымдын башында Анатолияга Баба Илястын шайыгы болгон Деде Гаркын тарабынан негизделген Вефаилик тарыйкаты аз убакыттын ичинде кенири жайылган. Көчмөн түрмөндөргө тийиштүү болгон бул тарыйкат Туркиянын тарыхында негизги ролду ойногон Баба Илясы Хорасаний,[29] Хажы Бекташи Велини жана Шайык Эдебалийди тарбиялап өстүргөн жана алардын коомдо өзгөчө орунга ээ экендигин тастыктаган.[30]

Ахмед Ясавийдин жолун Анатолияда уланткан жана анын көз караштарын жактаган аалымдардын арасынан Хажы Бекташи Велинин өзгөчө орду бар. Анатолиянын жана Румелинин түркмөндөр жашаган аймактарында кенири тараган Бекташи тарыйкаты өзүн Ахмед Ясавийдин негиздерине байланыштырат. Бекташий маданиятынын эң негизги булагы Вилаят наамадагы маалыматтарга караганда Хажы Бекташи Хорасандын мугалими шайык Локманы Перенде, Түркистандын 99 000 пирлеринин пири Кожо Ахмед Ясавийдин калпаларынын бири.[31] Ошондуктан Анатолиядагы башка суфизмдик группаларга салыштырмалуу Ясавийлик менен байланышы болгон Бекташийлик жөнүндө кенири токтололу.

Хажы Бекташи Велинин жашоо-турмушунун кереметтери жана Ахмед Ясавий менен байланышы жөнүндө маалымат берген эң негизги булактардын бири жогоруда айтылгандай Хажы Бекташинин Вилаят наама аттуу чыгармасы. 1480-жылдан кийин чыккан

[28] Hüseyin Gazi Yurdaydın, **İslâm Tarihi Dersleri**, Ankara 1988, 84-бет.
[29] Баба Иляс-ы Хорасаний жана Бабаийлик жөнүндө кенири маалымат алуу үчүн караныз: Ahmet Yaşar Ocak, "Babaîlik", **DİA**, İstanbul 1991, IV, 373-374-беттер.
[30] Ahmet Yaşar Ocak, **Kalenderîler**, Ankara 1992, 61-65-беттер.
[31] **Vilâyet-nâme, Menâkıb-ı Hünkâr Hacı Bektaş-ı Velî**, haz: Abdulbaki Gölpınarlı, İstanbul, ?, 5-бет.

«Менакыбы Хажы Бекташи Велий» аттуу чыгармада Хажы Бекташинин туулушу, Хорасандагы балалык мезгили, Ясавий менен байланыштары, Анатолияга келип Сулужакарахоюкка (Хажыбекташ) жайгашышы, бул жердеги өмүрү, ошол доордогу алдынкы суфисттер менен таанышуусу, кереметтери жана өлүмү жөнүндө баяндалган.

Вилаят нааманын маанилуулугу Бекташи Вели жана анын жолдоочулары жөнүндө маалымат бергендигинде турат. Хажы Бекташи Вели жөнүндө жазылган негизги булак болуу менен бирге өзгөчө Ахмед Ясавийге байланыштуу традициялык баалуулуктардын касиетин жана сапатын чагылдырган Анатолиядагы эн эски чыгармалардын бири болуп саналат.

Вилаят наама бир гана документ катары эсептебөө керек. Бул чыгарма оозеки жүзүндөгү материалдардан жазууга түшүрүлгөн. Бул чыгармалардын көпчүлүгү элдин тарыхын камтыйт. Мазмунун жомоктогу көрүнүштөр ээлесе да анын реалдуулугун көрбөстүккө салуу туура эмес. Бул багыттан караганда Хажы Бекташ Вели Ахмед Ясавийнин көз караштарын жактырган, ал анын эч болбогондо руханий күчү болгон, эл арасында Ясавий чон урмат-сыйга ээ болгондугу чыгармада баяндалат. Туркиядан Ясавий учу күйгөн тыт көчөтүн ыргытып аны табуу үчүн бир дервишин жөнөткөн, бирок бул тыт Анатолияда көгөрүп өсүшү өзүнчө бир символ. Хажы Бекташтын «Вилаят-наама» аттуу чыгармасындагы бул тыт көчөтү символдуу түрдө болсо да, учурда Бекташинин мазарынын алдында көгөрүп түшүм берип турат. Бул өсүмдүктүн жалбырагы жана кабыгы ар кандай ооруга пайда бере тургандыгы жөнүндө ишеним бар. Элдин ишеиминдеги бул көрүнүштөр өтмүштө да кездешет. Бул ишенимдердин негизинде Исламга чейинки ишеним калдыктары (элементтери) болсо да, алар Ясавийге өзгөчө баа беришкен. Ошентип мунун негизинде Хажы Бекташ Вали аркылуу Ясавийлик ой жүгүртүүсүнүн элге чагылдырылышынын чындыгы пайда болот.

Учурда Бекташий тарыйкатындагы көптөгөн баба жана деделер уруусун Ясавийге байланыштырат. Алар өздөрүн Ахмед Ясавийдин муунунанбыз деп эсептешет. Ясавийди пир деп эсептешип ага чон урмат көрсөтүшөт. Өзгөчө Сырач жамааты тарыйкатка таандык бардык маркелерди жана жөрөлгөлөрдү Ясавийден алышкандыгын айтышат. Алар кээ бир жаныбарларга шек келтирбөөнү жана аларга кордук көрсөтпөөнү түздөн-түз айтышпайт. Зикир чалуу жөрөлгөлөрүндө аял-эркек бир жерде отура алышат, дубаларында Хорасандагы жана Туркистандагы 99 000 дервиштердин аты аталат. Булардын баары Ясавийлик тарыйкатынын түрдүү агымдар менен

өзгөчө Бекташилик менен биригип айкалышып, Анатолияда өз иш аракетин жүргүзгөндүгүн көрсөтүп турат.[32]

Ахмед Ясавийди, башкача айтканда анын принциптерин жактырган Хажы Бекташ Вели Анатолияда түрк биримдигин жана ынтымагын түзүүдө жакшылык, дурустук, сүйүү жана урмат-сый көрсөтүү сыяктуу универсалдуу нормалардан пайдаланган. Ал калпалык денгээлинде болбосо да Ясавийдин көз-караштарын үйрөнгөн жана чогулуштарда ага чон урмат көрсөтүү менен сөз сүйлөнгөн. Вилаят наамалар жана башка чыгармалар да муну ырастайт.

Бул жерде Ясавий Турксытанда системалаштырган нормалар Анатолияда Хажы Бекташ Валинин жол көрсөтүүсү менен жаны түзүлүшкө ээ болгондугун айта алабыз. Бул түзүлүш уюмдуу жана системалуу касиети менен учурубузда да жашап келүүдө. Үжрөдөн (дербиштер жашаган жай, жер) орун алышы, эл көп болгон маарекелерде аялдар менен эркектердин чогуу болушу, бул маарекелер саз (чыгыш элдеринин музыкалык аспабы) ойнолуу менен бирге ыр ырдалышы, маарекеде дервиштердин көнүл ачуучу оюну, союлган курбандыктын каны жана сөөктөрүнүн топуракка көмүлүшү сыяктуу ырым-жырымдар жана ишенимдер Исламга чейинки ишенимдердин калдыктары катары эсептелип келген. Туркистанда Ясавий тарыйкатында байкалган бул элементтерди Түркиядагы Бекташи тарыйкатынан байкоого болот. Ясавий тарыйкатынын башында турган жол баштоочулар, эски шамандардын жолун улантуучулар болуп саналышат. Анатолияда бул функцияны Бекташий тарыйкатынын деде жана бабалары аткарган. Бекташи ишеними боюнча аалам жана инсан Кудайдан бөлүнбөйт. Кудай бардык бытьелерде (заттарда) чагылдырылат. Инсан кудайдын жер жүзүндөгү халифасы. Тенирдин өзү адамда жашырылган. Бардык бытелерди Тенирдин чагылдырылышы катары көрүү «жем» деп аталат. Бул жем мааркелерин Түркистан шамандарын Анатолияда деде, баба деп аталган жана уруусу, урук-тукуму Ясавийге, андан Аз. Алиге жана Аз. Мухаммедке чейин жеткен адамдар башкарган. Сейийдлик же деделик уруудан- урууга өткөн.[33]

Ясавийликтин Бекташиликке тийгизген таасирин Ж. Кингслей Бирге төмөнкүдөй белгилеген: Кыркшехирге жакын жерде, кийинчерээк өз аты менен аталган шаарда жашаган Хажы Бекташи Вели, түрк элдеринин турмушун, коомдук жана диний тажрыйбалары

[32] Ali Abbas Çınar, "Bazı Yazılı Bektaşî Kaynaklarında Ahmed Yesevi-Hacı Bektaş Velî Bağlantısı ve Yesevî'nin Hoşgörüsünü İşleyen Şiirler", **Erdem**, C. VIII, S. 24, Ankara-Ocak 1996, 734-бет.
[33] Mehmet Eröz, **Türkiye'de Alevîlik ve Bektaşîlik**, Ankara 1990, 201-202, 296, 304-беттер.

менен аздыр-көптүр сунний Ислам түзүлүшүн Орто Азиялык суфист Ахмед Ясавийнин суфизм системасы менен бириктирип, түркмөн урууларынын арасында кадыр-баркка ээ болот, муруттарды топтоп аларды багыттайт. Чырак жагуу жана ошол учурда тамак- аш жеп зикир чалуу сыяктуу кээ бир ритуалдардын негиздерин үйрөткөн, өзү башында туруп муруттарды жана калпаларды өстүрүп окуусун жайылтууга аракеттенген.[34]

Ясавийликтен пайда болгон башка тарыйкаттардай Хажы Бекташи Вели да өз окуусун «төрт эшик (шарият, жол, акыйкат жана кечирим)кырк даража негизине ылайык түзгөн. Ар бир эшик экинчисине байланыш кура билүүсү үчүн бир көпүрө касиетине ээ болуп, бири экинчисине окшошпойт. Бул жагынан Хажы Бекташ Вели көптүгүн жүз жылдардын ичинде бардык ишенимдердин макулдугуна, сүйүүсүнө жана урматына ээ болгон. «Кудайдын жер жүзүндөгү халифасы» (Куран, Бакара сүр. 30- аят) болгон инсанга өтө көнүл бурган. Бул окуу XIII кылымда Түркмөн Анатолиясында «түркмөндөрдүн агартуучусу» деген наамга татыктуу Юнус Эмре, Ашык Паша, Ахи Эвран сыяктуу адамдар тарабынан бай маданий алкактын түзүлүшүндө негизги орунга ээ болгон.[35]

Ясавийликтин Бекташиликке тийгизген таасирлери жөнүндө кыска маалымат берилгенден кийин Ясавийлик Анатолияда жаны шарттарга моюн сунуп, кээ бир өзгөрүүлөргө дуушар болуп жана акырындык менен Бекташилик тарыйкатына айлангандыгын белгилейбиз. XIV-кылымда Бекташилик акырындык менен жанданып, XV жана XVI-кылымдардын аралыгында коомго өтө тез тараган, Балтика жээктеринде, Туна бойлорунда жана Македонияда өз тарапкерлерин топтой алган.[36]

Янычар армиясынын түзүлүшүндө Осмон императорлугунун заманында өзүнүн кадыр-баркын сактаган Бекташилик тарыйкатынын саясий ролу жана түрдүү диний ишеним менен дүйнөлүк көз-карашты бириктирүүчү түзүлүшү, ошондой эле XVI-кылымдан тартып мамлекет официалдуу түрдө тааныган алгач суннит кийинчерээк суннит эмес тарыйкат катары таанылгандыктан эн көп кызыгуу туудурган жана изилденген тарыйкат болгон. Бекташи тарыйкатынын доктринасы 1450-жылдардан тартып кенири масштабда Хуруфиликтин таасирине учураган, көп убакыт өтпөстөн Анатолияда кенири кулач жайган Шииттердин пропагандасынан таасирленген.[37]

---

[34] J. Kingsley Birge, **Bektaşîlik Tarihi,** çev. Reha Çamuroğlu, İstanbul 1991, 56-бет.
[35] Kemal Üçüncü, "Bektaşîlik", **Türkler,** edt. H.C. Güzel- K. Çiçek- S. Koca, Ankara 2002, VII, 480-бет.
[36] M. Eröz, **а.а.ч.,** 59-60-беттер; İ. Agah Çubukçu, **Türk Düşünce Tarihinde Felsefe Hareketleri**, Ankara 1986, 6-бет.
[37] A.Yaşar Ocak, "Bektaşîlik ", **DİA**, İstanbul 1992, V, 373-бет.

**Корутунду.**

Суфист акын жана тарыйкаттын шайыгы катары таанылган, түрк элдеринин руханий турмушунда көптөгөн кылымдар бою жашап келе жаткан жана түрдүү тарыйкаттардын пайда болушунда жол башчылык кылган Ахмед Ясавий эн көрүнүктүү адамдардын бири болгон. “Пири Түркистан” (Түркистандын пири) лакабы менен таанымал болгон Ахмед Ясавий сыяктуу түрдүү географиялык аймактарда жашаган, түрк коомчулугунда кадыр-баркы жогору инсан болгон эмес десек жанылышпайбыз.

Ташкент жана Сыр-Дарыя аймагында, Сейхунга жакын түздүктөрдө жашаган жана шариятты бекем тутунган, аалым суфист Ахмед Ясавий мусулман түрктөрдүн арасында ислам дининин негиздерин жана маани-манызын үйрөтүүгө аракеттенген, ишенген жана үйрөнгөн нерселерин жергиликтүү калкка жана көчмөн элдерге алар түшүнгөн жөнөкөй тилде жеткирүүгө аракет кылган. Ясавийликтин бул жүрүм-туруму, көз-карашындагы улуттук элементтер орун алган “хикмет” образынын калыптанышында негизги ролду ойногон.

Юсуф аль-Хемеданийнин калпаларынын бири Ахмед Ясавий, бир тараптан Хорасан өкүмдарлыгын, башка тараптан чыгыш Түркистандын жана Сейхун аймактарындагы шиит жараяндарынын таасири астында кенири жана эркин суфизмдик философияга ээ болгондугун болжолдуу айтса болот. Буга карабастан Ясавийлик, Мавераннахр жана Харезмдин чон суннит борборлорунда көбүнчө ортодокс мүнөзүн алып жүргөн.

Ясавийлик алгач Сейхун аймагында, Ташкенттин айланасында жана чыгыш Түркистанда өтө кенири жайылган, кийинчерээк түрк тилинин жана маданиятынын Мавераннахр жана Хорезм аймактарында жандануусунда өзгөчө мааниге ээ болгон. Сейхун өрөөнүнөн, Хорезмден түздүктөргө жана булгарларга чейин тараган Ясавийлик, алгач Хорезм шах менен Каракытайлардын ортосундагы согушка жана сонунда Монгол басып алуусуна карабастан көптөгөн түркмөн урууларынын тарыйкаты катары Хорасан, Иран жана Азербайжанда да тарап XIII-кылымда Анатолияга жайылып жана бул жерде жамааттар түзүлүп өтө тез таркаган. XIII-кылымда Хорасанда Хайдарийе тарыйкатынын пайда болушунда себепчи болгон Ясавийлик ушул эле кылымдын 2-жарымында Анатолияда Бабаи жана Бекташи тарыйкаттарынын калыптанышында да чон таасирин тийгизген.

Бабайилик, Баба Иляс Хорасандын көз-карашын жактыргандар тарабынан негизделген. Баба Иляс Хорасаний Вефаилик тарыйкатынан болгон. Вефаилик болсо Тажуларифин Сейийд Абул-Вефа Багдади (өл. 1107) тарабынан негизделген, түркмөндөрдүн арасында кенири жайылган жана Ясавийликке окшоштугу бар тарыйкат. Анатолия Селчук өкмөтү Бабаи көтөрүлүшүн баскандан кийин качып кутулган Баба Иляс шакирттеринин ийгиликтүү иш жүргүзө албагандыгынан өз маани-манызын өзгөртүүгө аракеттенген. Ошентип Баба Иляс көзү тирүүсүндө ыйык деп эсептелген адамдык касиети кийинчерээк, диний суфизмдик кыймылдын борборуна айланган. Бабайилик Түрктөрдүн арасында пайда болгондуктан жана аларга таандык социалдык, диний жана маданий түзүлүшүкө ылайык маани-манызды жараткан.

Бекташи тарыйкатынын негиздөөчүсү Хажи Бекташи Вели Ислам дининин принциптерин эн жакшы билген, Исламий каада-салтка ылайык тарбияланган адам болгондугу ырасталуууда. Өз мезгилине чейинки суфисттердин чыгармаларына таянып “Малакат” аттуу арап тилинде чыгарма жазгандыгы маалым. Муну менен бирге көбүнчө элеттерде жашаган түрктөрдүн арасында өз иш аракеттерин жүргүзгөн Хажы Бекташий жана анын муруттары түрк тилине жана маданиятына маани беришкен, аны сактап калышкан, суфизмдик жол менен түрк адабиятынын өнүгүшүнө салымын кошкон. Эски түрк маданиятынын таасиринен улам негизделген жана исламдын дүйнөлүк максаттарына байланып калган Бекташилик, мезгил-мезгили менен коомдун түрдүү баскычтарынан жолдоочуларын топтогон, XIV-кылымда Осмон янычар армиясынын расмий тарыйкаты болгон.

Бул эмгегибизде негизинен бир канча өзгөчөлүккө ээ, Анатолияда жайылган Бекташи тарыйкатынын Ясавийликтен түздөн-түз таасирленгендиги жөнүндө маалымат берүүгө аракеттендик. Бирок мезгил өткөн сайын Осмон мамлекетинин күчүн алсыздандыруу үчүн шах Исмаилдин Анатолиядагы шииттик пропагандасынан таасирленип өз түзүлүшүн өзгөрткөндүгү талашсыз.